**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ**

**БУЙРУК РАСПОРЯЖЕНИЕ**

2024-жылдын "25" ноября, № 629-б

**Ош шаарынын мэриясынын кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарттары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө", "Административдик иштин негиздери жана жол-жоболор жөнүндө" Мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы ПЖ № 570 "Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө", 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ № 137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыктарынын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика Кодексинин талаптарын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 44, 45, 49-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 18, 20, 21, 27-беренелерин жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Ош шаарынын мэриясынын кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарттары (мындан ары – Стандарттар) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Стандарттарды мэриянын өздүк курамына, ведомстволук бөлүмдөрүнө жеткирүү Ош шаарынын мэриясынын коррупциянын алдын алуу маселеси боюнча ыйгарым укуктуусу Т.М. Джоробековго милдеттендирилсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары М.А. Исаевге, мэрдин орун басарлары З.Б. Юсуповго, С.К. Джунусбаевге жана Н.С. Кадыровго, аппапарт жетекчи А.Кубатбек уулуна жүктөлсүн.

Мэр **Б.Ж. Жетигенов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 003626

Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын "25" ноябрь №629-0 буйругунун тиркемеси

## Ош шаарынын мэриясынын кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарттары


**I.** Жалпы жоболор
**II.** Мэрия кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун принциптери
**III.** Этиканын жана кызматтык жүрүм-турумдун ченемдери
**IV.** Коррупциялык кылмыштардын түрлөрү
**V.** Коррупциянын алдын алууга багытталган тыюулар, чектөөлөр жана милдеттер
**VI.** Кызыкчылыктардын кагылышуусу учурундагы кызматкерлердин жүрүм-туруму
**VII.** Коррупцияны алдын алуу боюнча чаралар
**VIII.** Коррупцияга шарт түзгөн укук бузуулар
**IX.** Мэриянын коррупцияга каршы аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштеринин негизги багыттары.
**X.** Коррупцияга каршы туруу
**XI.** Кадр саясаты
**XII.** Мэриянын жетекчилигинин коррупцияга каршы күрөшүүгө жана алдын алууга багытталган иштерди уюштуруу боюнча жоопкерчилиги


### I. Жалпы жоболор

1. Ош шаарынын мэриясынын кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарты "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан.

2. Ош шаарынын мэриясынын кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм–турумунун стандарты (мындан ары-стандарт) коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тыюу салуулар, чектөөлөр, аларды кармануу коррупцияны алдын алуу үчүн кызматкердин коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандырууну болжолдойт.

3. Стандарт кызматчыларды корупцияга каршы аракеттенүүдө кыйла жигердүү катышуу үчүн тартууга, коомдо коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө сабырсыздыктын атмосферасына жетишүүгө, ошондой эле коррупцияны өз убагында табууга жана алардын терс кесепеттерин алдын алууга багытталган.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4. Стандарт мэрия кызматкеринин коррупциялык көрүнүштөрдү болтурбоого багытталган иш-аракеттеринин активдүүлүгүн же кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоодон баш тартуу же аракетсиздикке жол бербөө түрүндө белгиленген көрсөтмөлөрдү так сактоону болжолдойт.

Ошону менен бирге, мэрия кызматкеринин жүрүм-туруму Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майында №171 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексинде каралган жалпы кабыл алынган моралдык ченемдерине жана кызматтык, кесиптик этиканын ченемдерине, ишкердик жүрүм-турумдун эрежелерине ылайык келиши керек.

5. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө”, “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө”, “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 570 “Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концециясы жөнүндө” Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгы жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары түзөт.

6. Стандартты билүү жана аны сактоо кесиптик ишмердүүлүктүн жана кызматтык жүрүм-турумдун сапатын баалоонун критерийлеринин бири болуп саналат.

## II. Мэрия кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун принциптери

7. Коррупцияга каршы жүрүм – трумунун принциптери:

7.1. Мыйзамдуулук – бардык аракеттер мыйзамга негизделиши керек;

7.2. Ачык-айкындык – коомдук жана мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө ачыктык камсыздайт;

7.3. Бузулбастык – коррупциянын бардык көрүнүштөрүнө каршы туруу;

7.4. Жоопкерчилик – өзүнүн кызматтык милдеттерин белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде так аткаруу;

7.5. Коомдук кызыкчылыктарга артыкчылык берүү.

## III. Этиканын жана кызматтык этиканын кызматтык жүрүм-турумдун ченемдери

8. Мэриянын кызматкери коррупцияга каршы жүрү-турумдун төмөнкүдөй ченемдерин сактоого милдеттүү:

8.1. Кызматтык милдеттерин ак ниет аткаруу, аларды жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга умтулуу;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

8.2. Улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымакка көмөктөшүү;

8.3. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо, жарандарга жана кызмат адамдары менен болгон мамиледе ийкемдүүлүгүн жана ыкластыгын көрсөтүү;

8.4. Кызматтык ыйгарым укуктардын алкактарынан чыкпоо;

8.5. Жеке кызыкчылыктардын коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынан жогору турушуна жол бербөө;

8.6. Мамлекеттин кадыр-баркын көтөрүүгө аракеттенүү, жетекчиликти жана мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн саясатты ачык сындабоо;

8.7. Туугандык, жердештик жана урук-урууга таандыгы аркылуу жетекчиликке карата жеке берилгендик көрүнүштөрүнө, кызматтык мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен пайданы жана артыкчылыктарды алуу үчүн умтулууга жол бербөө;

8.8. Кызыкчылыктардын кагылышуусу чөйрөсүндөгү ага белгилүү болгон мыйзамдарды бузуу фактылары жөнүндө жетекчиликке жана тиешелүү органдарга токтоосуз маалымдоо;

8.9. Башка адамдарды коррупциялык укук бузууларды жасоого түртпөө жана шыктандырбоо;

8.10. Кесиптештерге жана жетекчилерге кайрылып, калыс кызматтык чечимди кабыл алууга таасир бере ала турган, өз ара мамилелердин белгиленген тартибин бузган укуксуз сураныччтардан кармануу;

8.11. Үчүнчү жактардын кызыкчылыктарын сунуштоодон же сүрөмөлөөдөн, алардын атынан аракет кылуудан кармануу.

## IV. Коррупциялык кылмыштардын түрлөрү

9. ***Коррупция*** - бийликтин ыйгарым укуктарына ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга берүү, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч түзүүчү укукка каршы туруктуу байланыштарды түзүүдө атайын жасалган жосун.

10. ***Пара провокациясы*** - кызмат адамына анын макулдугусуз эле пара сунуштап жаткан адамдын кызыкчылыгында белгилүү бир аракеттерин же аракетсиздигин аткаруу максатында мүлктүк жана башка жыргалчылыктарды, анын ичинде акчаны өткөрүп берүү же ага мүлктүк жана мүлктүк эмес мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүү аракети.

11. ***Пара берүү*** - аппараттын кызмат адамына же ортомчулар аркылуу акча, баалуу кагаздар, башка мүлк же мүлктүк же мүлктүк эмес мүнөздөгү пайда түрүндө кызмат адамы же башка жеке адам же юридикалык жак үчүн ушул кызмат адамы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда кандайдыр бир аракет же аракетсиздик жасашы үчүн пара берүү.

12. **Пара алуу** - кызмат адамынын, пара берүүчүнүн же анын атынан чыккан адамдардын пайдасына кылган өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарына кирген, же болбосо аларга өзүнүн кызматтык абалы боюнча

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

көмөктөшө алган аракеттери (аракетсиздиги) үчүн жеке өзү же ортомчу аркылуу пара алуусу, ошого тете пара алууга макулдук берүүсү.

13. **Кызматтык жасалмачылык** – кызматтык жасалмачылык башкача айтканда кызмат адамы, же болбосо мамлекеттик кызматчы, же кызмат адамы болуп саналбаган муниципалдык кызматчы тарабынан расмий документке билип туруп жалган маалыматтарды киргизүү, ошого тете расмий документке анык мазмунуна бурмалаган оңдоолорду киргизүү.

## V. Коррупциянын алдын алууга багытталган тыюулар, чектөөлөр жана милдеттер

14.Коррупцияны алдын алууда мэрия кызматкерине коюлган тыюулар, чектөөлөр жана милдеттер:

14.1. Жеке өзү же ишенимдүү адамдар аркылуу ишкердик менен алектенүүгө, уюштуруу-укуктук формаларына карабастан чарбакер субъекттерди башкарууга катышууга, ошондой эле өзүнүн кызматтык абалын жеке жана юридикалык жактарга бул үчүн алмашуу катары ар кандай пайда алуу менен ишкердикти жүзөгө ашырууда көмөк көрсөтүү үчүн пайдаланууга;

14.2. Эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында үчүнчү жактардын иштери боюнча ишенимдүү адам же башка өкүл болууга;

14.3. Маалыматты, материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыздоо каражаттарын, кызматтык автотранспорт каражаттарын жана кызматтык иш үчүн гана арналган башка мүлктү кызматтык эмес максаттарда пайдаланууга;

14.4. Кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу мыйзамдарда каралбаган сый акыларды (акчалай жана башка сый акыларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, көңүл ачууга, эс алууга, транспорттук чыгымдарга төлөөлөрдү) жеке жана юридикалык жактардан белектерди алууга;

14.5. Кызматтык ишти партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө;

14.6. Аны менен жакын тууганды мамиледе болгон адамдардын түздөн-түз баш ийүүсүнө же контролдугуна байланыштуу кызматта болууга.

14.7. Өзүнүн кызматына байланыштуу милдеттенмелерди өзүнө алуу жана ага ыйгарым укук берилбеген убадаларды берүү;

14.8. Кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын жеке кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешеси бар маселелерди чечүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;

14.9. Кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ага белгилүү болгон, мыйзамга ылайык жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланышпаган максаттарда ачыкка чыгарууга же пайдаланууга;

14.10. Референдум жана шайлоо кампанияларынын мезгилинде кызматтык же кызматтык абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга;

14.11. Мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык ишке ашырылуучу кызматтык иш сапарларды кошпогондо, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары кызматтык иш сапарларга чыгууга;

Ушул каралган талаптарды сактабоо фактысын белгилөө кызматчыга карата ээлеген кызмат ордунан бошотууга чейинки тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

## VI. Кызыкчылыктардын кагылышуусу учурунда кызматкерлердин жүрүм-туруму

**Кызыкчылыктардын кагылышуусу** - кызматчынын жеке (өзүнүн) кызыкчылыктары анын расмий милдеттерин же функцияларын аткаруусуна таасир этиши мүмкүн болгон, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарынын жана кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келген же алып келиши мүмкүн болгон учурларда пайда болгон кырдаал.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматта кызыкчылыктардын кагылушуусу коррупциянын келип чыгышы үчүн себептердин бири болуп саналат.

15. Аппараттын кызматкери кызыкчылыктардын кагылышуусунун ар кандай мүмкүндүгүнө жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

16. Кызыкчылыктардын кагылышы же болбосо мындай конфликт пайда болушу мүмкүн болгон учурда кызматкер бул жөнүндө жетекчиге маалымдоого милдеттүү. Кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгондо жетекчи кызматкердин кызматтык ыйгарым укуктарынын артыкчылыктарын жеке максаттарда пайдалануусуна жол бербөө максатында мыйзамдарда белгиленген чараларды көрөт.

17. “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо маселеси боюнча түздөн-түз баш ийген кызматкер кайрылган учурда жетекчи тарабынан чара көрүлбөгөндүгүнө байланыштуу жетекчини кызмат ордунан бошотуу үчүн негиз болуп саналат.

Кызыкчылыктардын кагылышынын тарабы болуп саналган кызматкердин кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуу же чечүү боюнча чараларды көрбөгөнү кызматкерди муниципалдык кызматтан бошотууга алып келүүчү укук бузуу болуп саналат.

## VII. Коррупцияны алдын алуу боюнча чаралар

18. Коррупцияны алдын алуу боюнча чаралар төмөндөгүлөр:

18.1. Ченемдик укуктук актылардын жана алардын долбоорлорунун коррупцияга каршы экспертизасы;

18.2. Муниципалдык кызматтын кызматтарын ээлөөгө талапкер жарандарга карата квалификациялык талаптарды мыйзамда белгиленген

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

тартипте коюу, ошондой эле көрсөтүлгөн жарандар тарабынан берилген маалыматтарды белгиленген тартипте текшерүү;

18.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык декларацияда маалыматтарды бербегени же болбосо билип туруп анык эмес же толук эмес бергени үчүн ээлеген кызмат ордунан бошотуу, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тизмекке киргизилген муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамды муниципалдык кызматтан ээлеген ордунан бошотуу үчүн же ага карата юридикалык жоопкерчиликтин башка чараларын колдонуу үчүн негиз катары белгилөө;

18.4. Ош шаарынын мэриясынын адам ресурстарын башкаруу сектору тарабынан өздөрүнүн кызматтык милдеттерин узак, кынтыксыз жана натыйжалуу аткаргандыгына ылайык кызматкерди жогору турган кызматка даярдоодо, ага атайын наам, класстык чин, ыйгарууда же аны сыйлоодо милдеттүү түрдө эске алына турган эрежелерди киргизүү.

## VIII. Коррупцияга шарт түзгөн укук бузуулар

19. “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, коррупция үчүн шарттарды түзүүчү укук бузуулар болуп муниципалдык кызматчылардын төмөнкү аракеттери жана аракетсиздиги саналат:

19.1. Башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана юридикалык жактардын ишине мыйзамсыз кийлигишүү;

19.2. Өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын, жакын туугандарынын (ата-энесинин, балдарынын, жубайынын, бир тууганынын жана эже-сиңдилеринин) же туугандарынын (агаларынын, эжелеринин ата-энелеринин жана жубайлардын балдарынын) кызыкчылыктарын козгогон маселелерди чечүүдө өз ыйгарым укуктарын пайдалануу;

19.3. Муниципалдык кызматка кабыл алууда жана жогорулаганда адамга мыйзамда каралбаган жеңилдиктерди берүү;

19.4. Жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарын козгогон чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда аларга мыйзамсыз артыкчылык берүү;

19.5. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин маселелери боюнча жеке жана юридикалык жактардын адвокаты катары катышууга, же аларга баш ийген, контролдонуучу же отчеттуу болгон;

19.6. Расмий түрдө таркатылбаган жана мамлекеттик функцияларды аткарууда алынган маалыматтарды жеке же топтук кызыкчылыктар үчүн пайдаланууга;

19.7. Жеке жана юридикалык жактарга берилиши мыйзамда каралган маалыматтан негизсиз баш тартуу, аны өз убагында бербөө же анык эмес же толук эмес маалыматтарды берүү;

19.8. Жеке же юридикалык жактардан берилиши мыйзамда каралбаган маалыматтарды суроо;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

19.9. Муниципалдык финансылык жана башка материалдык ресурстарды талапкерлердин, коомдук уюмдардын шайлоо фонддоруна которуу, ошондой эле аларды башка жарандарга жана юридикалык жактарга мыйзамсыз берүү;

19.10. Протоколдук жана башка расмий иш-чараларды өткөрүүдө көңүл буруунун символикалык белгилерин жана символикалык сувенирлерди кошпогондо, жогору турган кызмат адамдарына белектерди берүү, материалдык жана башка жыргалчылыктарды берүү, кызматтык эмес кызматтарды көрсөтүү;

19.11. Кызматына же ишинен башка жагынан көз каранды болгон жогору же төмөн турган же кызмат адамдары менен акчалай же башка мүлктүк мүнөздөгү кумар оюндарына катышуу.

Мэриянын кызматкеринин жогоруда көрсөтүлгөн укук бузууларды жасаса, эгерде ал кылмыштын курамын камтыбаса, тартиптик жазаларды колдонууга, анын ичинде аларды ээлеген кызматынан бошотууга алып келет.

## IX. Мэриянын коррупцияга каршы аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштеринин негизги багыттары

20. Мэриянын иштеринин негизги багыттары:

20.1. Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү;

20.2. Муниципалдык кызматчыларды, ошондой эле жарандарды коррупцияга каршы аракеттенүүдө кыйла жигердүү катышуу үчүн тартууга, коомдо коррупциялык жүрүм-турумга терс мамиле түзүүгө багытталган мыйзамдык, администрациялык жана башка чараларды кабыл алуу;

20.3. Коррупцияга каршы стандарттарды киргизүү, башкача айтканда иштин тийиштүү жааты үчүн коррупцияны алдын алууну камсыз кылуучу тыюу салуулардын, чектөөлөрдүн жана уруксат берүүлөрдүн бирдиктүү тутумун белгилөө;

20.4. Жарандардын мэриянын жана анын кызматкерлеринин иши жөнүндө маалыматка жетимдүүлүгүн камсыз кылуу;

20.5. Коррупцияны алдын алуу боюнча чараларды артыкчылыктуу колдонуу;

20.6. Саясий, уюштуруучулук, маалыматтык-пропагандалык, социалдык-экономикалык, укуктук, атайын жана башка чараларды комплекстүү колдонуу.

20.7. Муниципалдык кызматты өтөөнүн тартибин өркүндөтүү.

20.8. Муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды жөнөтүүгө, жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө тапшырыктарды жайгаштырууда ак ниеттүүлүктү, ачыктыкты, ак ниеттүү атаандаштыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу;

20.9. Негизсиз тыюу салууларды жана чектөөлөрдү, өзгөчө экономикалык иш жаатында четтетүү;

20.10. Муниципалдык мүлктү, мамлекеттик жана муниципалдык ресурстарды (муниципалдык жардам көрсөтүүдө) пайдалануу тартибин,

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ошондой эле мындай мүлктү берүү жана аны ээликтен ажыратуу үчүн укукту берүү тартибин өркүндөтүү;

20.11. Муниципалдык кызматчылардын эмгек акысынын жана социалдык корголушунун деңгээлин жогорулатуу;

20.12. Жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларында камтылган маселелердин чечилишин көзөмөлдөөнү күчөтүү;

20.13. Муниципалдык кызматка кесипкөй адистерди тартуу;

20.14. Коррупциянын себептерин четтетүү боюнча чараларды көрбөгөнү үчүн мэриянын кызмат адамдарынын жоопкерчиликтерин жогорулатуу;

20.15. Мэриянын кызматчыларынын администрациялык жана кызматтык нускамаларда, башка ченемдик укуктук актыларда чагылдырылуусу тийиш болгон иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын оптималдаштыруу жана конкреттештирүү.

## X. Коррупцияга каршы туруу

21. Мэриянын кызматкерине башка кызматчылар тарабынан коррупциялык көрүнүштүн фактылары белгилүү болгон учурларда, ал бул боюнча ыйгарым укуктууга жазуу жүзүндө токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

22. Мэрия жетекчиси коррупция көрүнүшүнүн фактылары жөнүндө билдирген кызматкерди укук коргоо органдарына кайрылганга чейин коргоону камсыз кылууга милдеттүү.

23. Фактылар боюнча текшерүү жүргүзүлгөн же жүргүзүлүп жаткан учурларды кошпогондо, коррупциялык укук бузууларды жасоого түрткү берүү максатында жасалган мамиленин фактыларын билдирүү кызматкердин кызматтык жоопкерчилиги болуп саналат. Кызматкердин жогоруда көрсөтүлгөн кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы аны мамлекеттик кызматтан бошотууга же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликтин башка түрлөрүнө тартууга алып келет.

24. Жетекчиге, прокуратурага же башка мамлекеттик органдарга аны коррупциялык укук бузууга түртүү максатында кайрылуунун фактылары жөнүндө, башка мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын коррупциялык укук бузууларды жасаган фактылары жөнүндө кабарлаган кызматкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик коргоого алынат.

25. Коррупцияга каршы күрөштө көмөк көрсөткөн адам жөнүндө маалыматтар мамлекеттик сыр болуп саналат жана коррупцияга каршы аракеттенүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте соттун жазуу жүзүндөгү суроо-талаптары боюнча гана берилет.

26. Коррупциянын фактылары жөнүндө атайын жалган маалымат берген мэриянын кызматкери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## XI. Кадр саясаты

27. Мэриянын кадыр саясатынын негизги багыттары:

27.1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын сактоо зарыл;

27.2. Кызмат орундарга жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо, иштин аброюн жана жагымдуулугун жогорулатуу үчүн шарттарды жакшыртуу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу аркылуу коррупциянын пайда болуу тобокелдиктерин азайтуу чараларын көрүү.

## XII. Мэриянын жетекчилигинин коррупцияга каршы күрөшүүгө жана алдын алууга багытталган иштерди уюштуруу боюнча жоопкерчилиги

28. Коррупцияны алдын алуу жана каршы туруу аракеттерин мэриянын бардык кызматкерлери өз функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чегинде жүзөгө ашырууга милдеттүү.

29. Мэриянын жетекчилиги корупциялык көрүнүштөрдү жана тобокелдиктерди пайда кылган себептерди, шарттарды жоюуга багытталып жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча тынымсыз аракеттерди көрүүгө тийиш.

**Аппарат жетекчи** **А. Кубатбек уулу**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН